КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ТАМГА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ
XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКСИЗ IV СЕССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
ТАМГИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ
ВНЕОЧЕРЕДНАЯ IV СЕССИЯ
XXVIII СОЗЫВА

# ТОКТОМ

2023-жылдын «02» октябрь. № 41 Тамга айылы

**Тамга айылдык аймагынын айылдык кеңешинин 2022-жылдын 20-сентябрындагы "Тамга айылдык аймагынын жер пайдалануу картасынын №116* контурундагы жалпы 256 гектар жер аянты жөнүндө" №27 токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө.**

**Тамга айылдык аймагынын айылдык кеңешинин 2022-жылдын 20-сентябрындагы "Тамга айылдык аймагынын жер пайдалануу картасынын №116* контурундагы жалпы 256 гектар жер аянты жөнүндө" №27 токтому жүйөлүү жана олуттуу себептерге байланыштуу толукталгандыгы жана өзгөрүлгөндүгү себептүү төмөндөгү текст менен окулсун:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2011-жылдын 15-июлундагы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» № 101 Мыйзамынын 31-беренесинин 1,5-пункттарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 18-беренесинин 3,4-пункттарына ылайык, Кыргыз ССРнин Ысык-Көл областынын Эл депутаттарынын областтык Советинин аткаруу комитетинин 1988-жылдын 21-мартындагы "Кыргыз ССРнин Саламаттыкты сактоо Министрлигине караштуу № 4 башкы башкармалыгынын жер тилкелерин "Тамга" совхозуна кайтарып берүү жөнүндө" № 72 чечиминин негизинде жана Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2001-жылдын 16-апрелиндеги «Тосор айылынын четиндеги Ак-Чий участкасын Тамга айыл өкмөтүнүн карамагына өткөрүү жөнүндө» № 145 Токтомунун негизинде, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз IV сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Тамга айыл аймагына караштуу Тосор айылындагы Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын № 116* чөйрө сызыгындагы Ак-Чий участогундагы 256,0 га жер тилкесинен Тамга айыл өкмөтү жана «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Жети-Өгүз филиалы тарабынан такталып чыккан 20,75 га жер тилкесине кошумча такталып чыккан 3,72 га жер тилкеси кошулуп, 24,47 га жер тилкеси муниципалдык менчик катары бекитилип берилсин. (карта жана токтомдордун көчүрмөсү тиркелет).

2. Муниципалдык менчикке бекитилген токтомго кол коюлгандан кийин, муниципалдык менчик катары «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Жети-Өгүз филиалынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер жана агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А.Букаров**